з

# 2021

# Ош мамлекеттик университети




www.oshsu.kg

01.09.2021

## ӨРҮШҮ КЕҢ, ИЛИМ-БИЛИМ БЕШИГИ, СТУДЕНТКЕ АЧЫК ОШМУ ЭШИГИ!

## УРМАТТУУ СТУДЕНТ ДОСТОР!

80 жылдан ашуун тарыхы бар, келечекте классикалык университеттен инновациялык изилдөөчү университеткебагыт алып бараткан, дүйнөлүк билим берүү прогресси менен кошо арыштап, Орто Азиядагы гана эмес дүйнөдөгү мыкты университеттердин катарына кирүүгө тынымсыз өрүш алган Ош мамлекеттик университетинин студенти болушуңар менен куттуктайм! Учурда биздин университет төмөнкүдөй стратегиялык багыттар боюнча иш алып барууда:

- Окуу процессиндеги, билим берүүдөгү инновациялар
- Классикалык университеттен – улуттук изилдөөчү университетке трансформациялоо
- Натыйжалуу башкаруу жана кадрдык потенциялды өнүктүрүү
- ОшМУну эл аралык билим берүүнүн жана илимдин борборуна айландыруу
- Билим берүү жана илим инфраструктурасын өнүктүрүү
- Санариптик билим берүү чөйрөсүн түзүү
- Адамгерчилик жана руханий тарбия, ден соолук жана спорт

Силер үчүн билим менен кошо мыкты тарбия алып, өз жашооңордун пайдубалын бекемдеп, Кыргызстандын келечегине реалдуу салым кошуу мезгили башталды! Университетибиз менен биргеликте чоң чөйрөгө аралашып, жаңыча көз карашты калыптандырып, өзүнөрдү ар тараптан өнүктүрүп, мыкты достор, дилбилги окутуучулар жана дилгир чөйрө менен турмуштун жаңы баракчаларын толуктап,жаштыктын деми менен көкүрөккө батпаган идеяларды иш жүзүнө ашырып, күн сайын изденүүнүн үстүндө жүрүп, күргүштөп аккан убакытка татыктуу жооп берип, өлкөбүздү ар тараптан өнүктүрүүдө маанилүү роль ойноочу мыкты адистерден болуп чыгасыңар деп терең ишенем!

***ОшМУнун ректору, физика-математика илимдеринин доктору,профессор***
***Кудайберди Кожобеков***

## Бүгүн Ош мамлекеттик университети эл аралык жана мамлекеттик рейтингде алдыңкы орунда:

- 2018-жылы жана 2019-жылы Эл аралык НААР агенттиги тарабынан өткөрүлгөн Кыргызстандагы университеттердин улуттук рейтингинде 2 жыл катары менен Ош мамлекеттик университети 1-орунду камсыз кылды.
- Кыргызстандын социалдык-экономикалык, руханий жана интеллектуалдык потенциалын өнүктүрүүгө кошкон өзгөчө салымы үчүн “Ош мамлекеттик университети **“ДАҢК”** орденинин ээси.
- Дүйнөдө 625 университеттерде жайгашкан Конфуций инситituттарынын ичинен ОшМУнун Конфуций институтуна “Жылдын мыкты институ”, “Жылдын мыкты жетекчиси” наамы ыйгарылды.
- Ош МУ институционалдык аккредитациядан ийгиликтүү өттү.
- Ош шаарынын мэриясы тарабынан “Эң мыкты социалдык мекеме-2019” номинациясы берилди.
- 2018-жылдын 30-ноябрында «EdNeT» агенттиги жыл жыйынтыгын чыгарып ОшМУга “2018-жылдын университеттеги сапат менеджменти” жана “Сапат эволюциясы-2018” деген аталыштагы 2 сыйлыгын ыйгарды
- Ош мамлекеттик университети 2019-2024-жылдары өнүктүрүү концепциясы кабыл алынды
- “Zanoza.kg” сайтынын рейтингинде ОшМУ - Кыргызстандагы эң мыкты университет!

## Университет жөнүндө



Ош мамлекеттик университетинин тарыхы 1939-жылы Ош мугалимдер институту түзүлгөн күндөн башталат. Институттункурамындатарых-филология, физика-математика жанатабияттаануу-география факультеттериболгон. Согуштук шартка байланыштуу,1942-жылдын сентябрында курамында 9 профессор, 25 доцент, 30 дан ашуун окутуучулары бар Ростов шаарындагы мамлекеттик университет жана педагогикалык институт Ош шаарына көчүрүлүп келинип, мугалимдер институтунун базасында иштеген. 1951-жылдын 24-майындагы СССРдин Министрлер Советинин токтомунун негизинде 1951-жылдын 1-августунан Оштогу мугалимдер институту курамында «Тил жана адабият», «физика-математика», «биология», «чет тилдер» жана «дене тарбия» факультеттерин камтыган Ош педагогикалык институту болуп кайрадан уюштурулган.

**1992-жылы Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыгы менен институт Ош мамлекеттик университети болуп түзүлгөн.**





**Бүгүнкү күндө:**

- ✓ 32000 студент
- ✓ 1500 чет өлкөдө билим алган студент
- ✓ 35 мамлекеттен келген 3514 чет элдик студенттер
- ✓ 432 окуучу билим алат
- ✓ 1850 окутуучу эмгектенет

**ОШМУДА:**

- ✓ 19 факультет
- ✓ 1 институт
- ✓ 6 колледж
- ✓ 1 илимизилдөөчү институт
- ✓ 126 кафедра
- ✓ 2 академия
- ✓ 6 гимназия
- ✓ 1 башталгыч билим берүү борбору
- ✓ 30 окуу-усулдук, маданий-эстетикалык, ресурстук борборлор
- ✓ 25 окуу имарат
- ✓ 10 студенттик жатакана
- ✓ 2 медициналык клиника

- ✓ 3 маданий борбор
- ✓ 57 лаборатория
- ✓ 10 көз карандысыз тестирлөө борбору
- ✓ 7 дисанттык билим берүү борборлору
- ✓ 1 студенттик профилактория
- ✓ 1 студенттик ФАП
- ✓ 2 пансионат
- ✓ 15 спорт комплекс
- ✓ китепкана жана окуу залдары
- ✓ электрондук китепканалар
- ✓ концерттик залдар

**ОшМУдагы коомдук уюмдар:**

- ❖ Бириккен кесиптик кошууну
- ❖ Ардагерлер кеңеши
- ❖ Аялдар кеңеши
- ❖ Жаштар комитети
- ❖ Студенттик акыйкатчы аппараты
- ❖ Бүтүрүүчүлөрдүн ассоциациясы

**Университеттин миссиясы**

- Компетенттүүлүк мамиле менен заманбап билим берүү процессинде сапаттын кепилдигин камсыздоо;
- Билим берүүнүн, илимдин жана маданияттын дүйнөлүк мейкиндигине интеграциялануу;
- Жаштарда адептик, маданий жана илимий баалуулуктарды, улуттук, руханий маданиятты калыптандыруу;
- Мамлекеттин экономикалык, социалдык, маданий, саясий өнүгүүсүн камсыздоо үчүн өзүнүн интеллектуалдык потенциалын, өндүрүштө жана кесиптик ишмердүүлүктө, илимде жүзөгө ашыра ала турган жогорку профессионалдык кадрларды даярдоо.

**Университеттин келечекке карай максаты** – ОшМУну классикалык университеттен - дүйнөлүк деңгээлдеги изилдөөчү жана инновациялык университетке трансформациялоо.

**Стратегиялык максат** – 2024-жылга чейин дүйнөнүн алдынкы ТОП-700 изилдөөчү университеттеринин катарына кирүү. ОшМУну Борбор Азиядагы эң алдынкы 3 университеттердин бирине айландыруу.

## *СТУДЕНТТИН УКУКТАРЫ, МИЛДЕТТЕРИ*

*Студент болуу бул-өзүн келечекке даярдоо болуп эсептелет. Ар бир минутаны текке кетирбей изденүү, аракет менен ийгилик жаратканы белсенишет. Ошол эле учурда өз укуктарын жана милдеттерин так билүүсү абзел.*

*СТУДЕНТТИК УРААН!*

- Биз, Ош мамлекеттик университетинин студенттери – улуттук тарбияны, заманбап билимди адамгерчилик мамиле менен айкалыштырабыз!
- Биз ар бир күнүбүздү маанилүү, маңыздуу жана кызыктуу өткөрөбүз!
- Биз жасаган иштерибизди жаратмандык менен ишке ашырабыз!
- Биз ар тарптуу өзүбүздү өстүрүүгө, кенен ойлонууга, жаңыча көз карашты калыптандырууга далалаттанабыз!
- Биз тарыхтан сабак алып, келечекти жаратабыз!
- Биз жалындуу демилгелерди чогуу жайылтабыз!
- Биздин милдет-жоопкерчиликтүү мамиледе!
- Биз көп тилдүүлүк менен дүйнөлүк цивилизацияны таанып, улуттук баалуулуктарды өркүндөтөбүз!
- Биз татыктуу билим алуу менен өлкөбүздүн өсүшүнө салым кошобуз!
- Биз Ош мамлекеттик университетинин студенти деген ат менен сыймыктанабыз!

### ОшМУнун студентинин укуктары:

- Мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык билим алууга;
- ОшМУнун библиотекалык–маалыматтык ресурстарын акысыз колдонууга;
- «AVN» информациялык системасынан маалыматтарды алууга;
- ОшМУнун Уставынын чегинде университеттин башкаруу процессине катышууга;
- Тандаган багытынан сырткары университеттин уставында каралып окутулуучу бардык предметтерди өздөштүрүүгө жана башка жогорку окуужайларында окутулган сабактарга катышууга (ошол окуу жайдын жетекчилигинин макулдугу менен);
- Жетишээрлик деңгээлде билим бербей, окуу– тарбиялык процесстин эрежелерин бузган окутуучуларды алмаштыруу,тиешелүү чараларды көрүү маселесин көтөрүүгө жана жетекчиликке билдирип талап коюуга;
- ОшМУнунУставында көрсөтүлгөн окутуу, дарылоо, илимий мекемелеринин кызматтарын бекер алууга;
- КРнын мыйзамдарында каралган социалдык камсыздандыруу укуктарын пайдаланууга;
- Ар кандай илимий–изилдөө иштеринде, конференцияларга, симпозиумдарга катышууга;
- Илимий иштерин ОшМУнун илимий журналдарына, басылмаларына жарыялоого.
- ОшМУнун студенттик "Нур" газетасынын алууга жана макаласын жарыялоого (редактордун макулдугу менен);
- Студенттик прафилакторияда дарылануугa (жолдомо профсоюз уюму аркылуу берилет, башкы корпус 133-каб);
- ОшМУдагы чыгармачыл топторго мүчө болгонго (топтун жетекчисинин макулдугу менен) укуктуу;
- ОшМУ өз Уставынын чегинде студенттерди коргоого жана ден-соолугун чыңдоого кепилдик берген шарттарды түзөт.

- Окуу планын толук аткарып жаткан студенттер КРнын мыйзамдарында көрсөтүлгөн иштеген жеринен кошумча төлөнүүчү же төлөнбөөчү эмгек өргүүлөрүн алууга, кыскартылган иш күнүн алууга укуктуу.
- ОшМУнун студенттерин мажбурлап коомдук, коомдук – саясий уюмдарга, партияларга, кыймылдарга киргизүүгө жана аларды үгүттөгөн акцияларга катышууга жол берилбейт.
- ОшМУда окуган студенттер окуу планында каралбаган иш –чараларгаэркин катыша алат.
- ОшМУда окуган студент өз каалоосу боюнча башка окуу жайлардын тиешелүү адистиктерине которулууга укуктуу. Бул учурда ошол окуу жайдын жетекчилигинин макулдугу керек.
- «Аскердик кызмат жана аскердик милдет жөнүндөгү» КРнын мыйзамдарына ылайык ОшМУнун күндүзгү бөлүмүндө студенттер окуу мөөнөтүнүн ичинде аскер кызматынан бошотулат.

### ОшМУнун студенти милдеттүү:

- Окуу программасында жана пландарында каралган бардык сабактарга катышууга жана берилген бардык тапшырмаларды көрсөтүлгөн мөөнөттө аткарууга;
- Тандалган адистик боюнча ийгиликтүү иштеп кетүүчүн теориялык жана практикалык билимдерди, заманбап технологияларды терең өздөштүрүүгө;
- Тиешелүү окуу планы жана программасы боюнча каралган бардык тапшырмаларды көрсөтүлгөн мөөнөттө аткарууга;
- Университеттин Уставына ылайык бекитилген окуу пландарында көрсөтүлгөн мөөнөттө модулдук–рейтинг системаларын тапшырууга («AVN» информациялык системасы боюнча) жана билимдерди жыйынтыктоочу аттестациялардан өтүүгө;
- Окуу процессинин календардык мөөнөттөрүн бузбоого, экзамендерди жадыбалда көрсөтүлгөн мөөнөттүн ичинде тапшырып бүтүүгө;
- Коомдук жүрүм – турумдун жалпы эрежелерин жана ошондой эле студенттин жүрүм-турум кодексинде көрсөтүлгөн эрежелерди сактоого;
- Университеттин мүлкүн сактоого, аяр мамиле кылуу менен пайдаланууга;
- Окуу – тарбия иштерине жана турмуштагы жетишпестиктерге сын көз караштa болуп, аларга каршы турууда турмуштук активдүү позицияны ээлөөгө.

### Университеттин бардык имараттарында төмөндөгүлөрдү жасоого тыюу салынат:

- Тамеки чегүүгө;
- Наркотикалык жана алкоголдук каражаттарды колдонууга;
- Сабак учурунда мобилдик телефондорду колдонууга, катуу сүйлөп сабакка жолтоо болууга;
- Сөгүнүүгө, кумар оюндарын ойноого, коомдук тартипти бузууга;
- Сабактарга катышпай коюга.

***Маанилүү!!!***

*Эгерде студент ооруп калса деканатка атайын үлгүдөгү медициналык справка бериши керек, анткени жүйөөсүз себептер менен бир окуу семестринин ичинде 60 сааттан ашык сабакка келбегендер окуудан чыгарылат. Сабакка жүйөөлүү себептер менен катышпай калган учурда, окуу*

*жайына келген биринчи күндө эле факультеттин деканатына сабакка келбей калган себептерин айгинелеп көрсөтүү зарыл.*

***ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ ИЗДЕНИП, ЖАҢЫГА УМТУЛУП, ЖАҢЫНЫ ЖАРАТЫП ЖАТКАН УНИВЕРСИТЕТ***

## ЭҢ КӨП БЕРИЛҮҮЧҮ СУРООЛОР

### Адаптациялык- ориентациялык жума деген эмне жана ал качан өткөрүлөт?

Ориентациялык-багытоочу жума адатта окуу жылынын башталышында өткөрүлүп, жаңы келген студент менен окуу жайды тааныштыруу иш-чараларын камтыйт. Иш-чаранын программасы студенттердин ОшМУдагы жаңы жашоосуна жеңил адаптация болушуна шарт түзүп, университеттин жашоосу, эрежелер жана өзгөчөлүктөр жана окутуучу-профессордук курам менен тааныштырууну көздөйт.

### Жатаканага кантип жайгашса болот?

**Жатаканага жайгашуунун тартиби:**

- Флюографиядан өтүү;
- Башкы корпустун 219-каанасына кайрылуу;
- Жатаканада жашоо үчүн төлөнүүчү акы пландоо-финансылык бөлүм тарабынан шарттуу аныкталат.

**Жатакана үчүн төлөм төмөнкү ревизиттер боюнча төлөнөт:**

Получатель: Ошский государственный университет
Расчетный счет: 4407011103007617
Банк порлучателя: Центральное казначейство г.Бишкек
БИК: 440001
ИНН: 00207199610017
Код платежа: проживание в общежитии **14232100**
Айыл банк, Керемет банк, РСК банк

**ОшМУнун жатаканаларынын даректери**

| № | номери | дареги |
|---|---|---|
| 1. | №1 | Курманжан Датка, 285 |
| 2. | №2 | Курманжан Датка, 287 |
| 3. | №3 | Алишер Навои, 33/3 |
| 4. | №4А | А. Масалиев, 91а |
| 5. | №4Б | А. Масалиев, 91а |
| 6. | №6 | Исанова 85 |
| 7. | №5 | Монуев, 35 |
| 8. | №8 | Н.Исанов, 77 |
| 9. | №9 | Н. Исанов, 71 |

**Эскертүү:** ОшМУнун студенттик жатаканаларына биринчи кезекте алыскы аймактардан келишкен жана төмөнкү курстарда окуган студенттер жайгаштырылат. Андан соң жогорку курстар, магистрлер жашаганга болот.

ОшМУнун жатаканалар боюнча координатору – Абылкасым уулу Канатбек, тел 0777 35 85 27 (219 кабинет, Башкы корпус)

**Студенттик билет качан берилет?**

Студенттик билеттер деканат тарабынан, 1-курска кабыл алынган студенттер менен болгон жалпы жыйындан кийин берилет, жана ал студенттин жаңы статусун белгилөөчү документ.

**Кайсы жерлерден тамак ичебиз же студенттик ашканалар кайда жайгашкан?**

Албетте, студент жакшы окуу үчүн, толук кандуу тамактануу керек болот. ОшМУнун Башкы копусунда жана ар бир окуу корпустарында баалары студенттин чөнтөгүнө ылайык болгон ашканалар иштейт (факультеттин даректери деген жерди кара).

**Ашканалардын иштөө графиктери:**

Жекшемби күндөрүнөн башка күндөрү  9:00—17:00

**Библиотекадан китептерди кантип алабыз?**

Китептерди алуу үчүн, окурмандын китепчесин деканаттан алуу керек, ал өз учурунда университеттин ар бир библиотекасынан китептерди алууга мүмкүнчүлүк берет.

Китепканага катталуу үчүн:

- Паспорт, студенттик билет, кызматтык жана аспиранттык күбөлүгү, ОшМУнун пропускасы.



Бардык окурмандарды каттоодо окурмандык документтер китепкананын жобосунун негизинде жүргүзүлөт.

- ОшМУнун илимий китепканасынын окурмандык билети бардык китепкана, окуу залдан пайдаланууга укук берүүчү документ болуп эсептелет.

Толугураак маалымат алуу үчүн деканат жана өзүңөрдүн билиотекаңарга кайрылсаңар болот.

## Кампустук (Электрондук)  карта деген эмне жана анын кандай пайдасы бар?

Жаңы окуу жылынан баштап, университеттин башкы корпусунда, акырындап башка корпустарда да электрондук карта түшүнүгү киргизилет. Карта студенттин өздүгүн тактап, корпустарга кирүүгө мүмкүндүк берүү менен бирге эле башка функцияларды да камтыйт.




**Мисалы:**

- **Кампустук карта студенттер үчүн кандай мүмкүнчүлүктөрдү берет:**
  1) Университеттин аймагына кирүүгө;
  2) Студенттик билеттин кызматын аткарат;
  3) Китепканаларда окурмандык билеттин ролун аткарат;
  4) Электрондук зачёттук китепче кызматын аткарат;

5)Университеттин интернет түйүндөрүн өкошулууга жана компьютердик кызматтарын колдонууга уруксат берет;

6) Студенттик ашканада төлөмдөрдү накталай эмес эсептешүүдө жардамы тийет;

## Келишимдик акыны (контракт) төлөө үчүн кайда кайрылуу керек?

Келишимдик акыны студенттерге жана ата-энелерине ыңгайлуу болушу үчүн, заман талабына ылайык, мамлекеттик банк болгон РСК-Банктын филиалдарына төлөө мүмкүнчүлүгү түзүлгөн. Акчаны терминалдар аркылуу төлөсө болот.

**РСК –Банк**



**Даректери:**

ААК “РСК БАНК”, ОШ ФИЛИАЛЫ
Курманжан-Даткакөчөсү, 124А;
Телефондору: (9963222)5-78-66,2-12-16; ”РСК БАНК” ААКсы, ФИЛИАЛ ОШ-ЦЕНТР;

Курманжан-Датка көчөсү,250А;
Телефондору: (9963222)2-37-82,2-31-22.

## Иштөө графиктери:

9:30-15:00 тыныгуу- 12:00-13:00, Ишемби-жекшемби - дем алыш

Төмөнкү телефондор аркылуу төлөө эрежелерин билүүгө болот

ОшМУ, бухгалтерия (3222) 7-32-60

# ЭЛЕКТРОНДУК УНИВЕРСИТЕТ


**Билим берүү процессин электрондук башкаруу, жаңы билим берүү технологияларын пайдалануу:**

- ✓ AVN (Электрондук университет, электрондук кафедра)
- ✓ Виртуалдык санариптик лабороториялар
- ✓ Видео көзөмөл
- ✓ Онлайн кабыл алуу
- ✓ Онлайн лекциялар
- ✓ Видео конференциялар
- ✓ Видео сабактар ж.б.

**“AVN” маалымат системасы – бул окуу процессин тез жана эффективдүү башкаруу үчүн автоматташтырылган система**

ОшМУнун студенттери корпоративдик “AVN” маалымат системасында университеттин төмөндөгүдөй мүмкүнчүлүктөрүн пайдалана алышат:

- Окуунун жадыбалынын бардык (факультеттин, кафедранын, окутуучунун, аудитория жана корпустардын)түрлөрүн көрүү мүмкүнчүлүгү:
- Электрондук зачеттук китепчесин контролдоого;
- Студенттин окуу таржымалы (транскрипти) аркылуу кайсы предметтерди кандай баллга/баага тапшырганын көрүүгө;
- Келишимдик төлөмдөр жөнүндө маалымат алууга;
- Өздүк рейтингин көрүп турууга;
- Тест тапшырууга;
- Окутуучу-профессорлордун рейтингин аныктоого катышууга;
- Ийгиликтери жана кемчиликтери жөнүндө мезгил-мезгили менен СМС-билдирүүлөрдү алып турууга ж.б.




AVN жөнүндө толук маалымат алуу үчүн ОшМУнун сайтынан төмөнкү шилтемени тап:http://avn.oshsu.kg/

# Мамлекеттик экзамен жөнүндө

Жыйынтыктоочу аттестация адистиктин окуу планында көрсөтүлгөн мөөнөттө жүргүзүлөт.

2-курсту аяктагандан кийин “Кыргызстан тарыхы, географиясы, кыргыз тили жана адабияты” предметтери боюнча комплекстүү мамлекеттик экзамен жүргүзүлөт. Калган мамлекеттик экзамендер бүтүрүүчү курста гана тапшырылат. Силердин бүтүрүүчү ишти жазуунун эрежелери менен таанышууга жана изилдөөнүн тандалган багыты боюнча кафедра башчысынан зарыл консультацияларды алууга укугуңар бар.

**Билим алуудагы “адам факторун” четке кагуу максаты менен университетибизде 10 көз карандысыз тестирлөө борборлору иштейт**



**KELBIL (“келечек, билим” сөздөрүнөн кыскартылган)мобилдик тиркемеси**

Бул тиркеме окуу процессинин айрым аспектилерин автоматташтырууга мүмкүндүк берет. Университеттен тышкары маалыматтарды камсыздайт жана тез, жеңил төмөндөгүлөрдү:

1. Сабактардын жадыбалы;
2. Студенттин окуу карточкасы;
3. Студенттин жетишкендиги;
4. Сессияга киргизилгендиги же киргизилбегендиги;
5. Төлөө;
6. Төлөмдөр;
7. Окутуу үчүн төлөөгө банктардын шифри;
8. Финансылык береселер жөнүндө маалыматтарды алса болот.

- Ата-энелер ушул тиркеменин жардамы менен балдарынын жетишкендиктерин, контракт төлөмдөрүн көзөмөлдөй алышат.
- Жаңылыктар функциясы студенттерге алардын окутуу системасындагы жаңылыктарды билдирүүгө, ар түрдүү иш-чараларды жарыялоого мүмкүндүк берет.

Тиркемени жалпысынан 15000ден ашуун колдонуучу колдонуп жатат.

## ОшМУда окуу саат канчада башталып канчада бүтөт?

Окутуунун күндүзгү формасында окуган студенттер үчүн сабактардын жана танапистердин жаз айларындагы жадыбалы

| Пара | Кирүү | Чыгуу | Танапис |
|---|---|---|---|
| **1-смена** | | | |
| 1 | 8-00 | 8-50 | 10 мүн. |
| 2 | 9-00 | 9-50 | 10 мүн. |
| 3 | 10-00 | 10-50 | 10 мүн. |
| 4 | 11-00 | 11-50 | 30 мүн. |
| 5 | 12-20 | 13-10 | 10 мүн. |
| **2-смена** | | | |
| 1 | 12-20 | 13-10 | 10 мүн. |
| 2 | 13-20 | 14-10 | 10 мүн. |
| 3 | 14-20 | 15-10 | 10 мүн. |
| 4 | 15-20 | 16-10 | 10 мүн. |
| 5 | 16-20 | 17-10 | 10 мүн. |

*Эскертүү: Кыш айлары үчүн жадыбал өзгөртүлүп, жарым саатка жылдырылат.*

**Академиялык календарь деген эмне?**

**АК** – окуу жылы ичинде окуу жана текшерүү иш-чараларын, кесиптик практикаларды өткөрүүнүн, эс алуу күндөрүнүн (каникулдардын жана майрамдардын) даталары көрсөтүлгөн календарь.

### *2021-2022-окуу жылына карата Академиялык календары*

| Күзгү семестр | Жазгы семестр |
|---|---|
| **15.09.21** – Билим күнү жана окуу жылынын расмий ачылышы | **14.02.2022**– Сабактардын башталышы (Жазгы семестр) |
| **07.09.-14.09.2021**– 1-курстун студенттери үчүн багытоочу жумалык | **23.02.2022** – Ата-Мекенди Коргоочулар күнү |
| **15.09.2021** –Сабактардын башталышы (Күзгү семестр) | **08.03.2022** - Эл аралык аялдар күнү |
| **23.09.2021** – Мамлекеттик тил күнү | **21.03.2022** – Нооруз майрамы |
| **01.10.-25.10.2021** – Студенттике кабыл алуу аземи (ар бир факультет графигине ылайык) | **11.04.- 16.04.2022**– I чектик текшерүү (модулдук жума) |
| **02.10.2021** – Билим берүү кызматкерлеринин күнү | **04.04.-09.04.2022** – Илим жумалыгы |
| **25.10.-06.11.21** ОшМУнун факультеттер аралык спартакиадасы | **18.04.-14.05.2022** – Студенттерди предметтерге каттоо (Тандоо курстары) |
| | **01.05.2022** – Эмгек майрамы |
| | **05.05.2022** –КР Конституциясынын күнү |
| | **09.05.2022** – Жеңиш күнү |
| | **27.05.2022** –Китепкана күнү |

| | |
|---|---|
| **08.11.-13.11.2021** – I чектик текшерүү (модулдук жума)<br>**10.11.2021** – Илим күнү<br>**17.11.2021** – Студенттер күнү<br>**01.01.2022** – Жаңы Жыл майрамы<br>**10.01.-15.01.2022** – II чектик текшерүү (модулдук жума)<br>**17.01.-29.01.2022** – Кышкы сессия<br>**30.01.2022** – Күзгү семестрдин аякташы<br>**31.01.-12.02.2022**– Кышкы каникул | **13.06.-18.06.2022** – II чектик текшерүү (модулдук жума)<br>**20.06.-02.07.2022** –Жайкы сессия<br>**27.06.-09.07.2022**– Бүтүрүүчү курстар үчүн Мамлекеттик Аттестациялар мезгили<br>**04.07.-09.07.2022**– Жайкы семестрге катталуу<br>**11.07. –14.09.2022**– Жайкы каникул |

## ОШМУДА ОКУУ ПРОЦЕССИ

### Окуу процессин кредиттик технология боюнча уюштуруунун негизги принциптери

**Кредит** (зачеттук бирдик) – окутуунун белгилүү бир мезгили ичиндеги студенттин жумуш көлөмүн өлчөө үчүн, курсту окуп аяктоо үчүн зарыл болгон жана окутуунун натыйжасы менен аяктоочу аныкталган бирдик. Система мобилдүүлүктү жеңилдетип, башка аймактардагы өлкөлөрдөгү студенттерге жана жумуш берүүчүлөргө окуу системасын түшүнүктүүрөөк кылууну көздөйт.

Окуу процессин кредит системасын (зачеттук бирдиктерди) пайдалануу менен уюштуруунун өзгөчөлүктөрү болуп төмөндөгүлөр саналат:

- окуу процессин уюштуруунун асинхрондук схемасы, мындай схема тандап алган багыты (адистиги) боюнча **негизги билим берүү программанын** (НББПнын) айрым окуу дисциплиналарын өздөштүрүү удаалаштыгын тандоодо ар бир студентке белгилүү даражада эркиндикти камсыз кылат;
- ар бир студент жекече окуу планын түзүүдө өзү катышат;
- окуу дисциплиналарын тандоодо студенттерге чоң эркиндик берилет;
- окуу дисциплиналарынын белгилүү бир бөлүгүн камсыздоочу окутуучуларды тандоого мүмкүнчүлүк берилет;
- окуу процессине **Академиялык кеңешчилерди** (кураторлорду) тартуу, алар студенттерге НББПнын мазмуну боюнча кеңеш беришет, аларга өздөрүнүн сесместрдик жекече планын түзүүгө жардамдашат жана окуу процессин, студенттердин учурдагы, арадагы жана жыйынтыктоочу жетишүүсүн көзөмөлдөйт.

Тандап алган даярдоо багыты (адистиги) боюнча НББПсын толук аткарып, белгиленген тартипте жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациядан ийгиликтүү өткөн студентке **академиялык даража** (билим берүүнүн деңгээлине жараша бакалавр же магистр) же **дипломдуу адис** квалификациясы ыйгарылат. Бүтүрүүчү студентке **жогорку кесиптик билим тууралуу диплом** менен кошо бекитилген формадагы **дипломго тиркеме** (ЕПД) берилет.

### Окуу процессин кредиттик технологиянын шарттарында уюштуруу жана НББПсын өздөштүрүүнүн модулдук-рейтингдик баалоо боюнча негизги документтер

Окуу процессин кредит технологиясынын шарттарында уюштурууда жана НББПсын

өздөштүрүүнү модулдук-рейтингдик системада пландаштырууда пайдаланылуучу университеттин негизги документтери болуп төмөндөгүлөр саналат**:**

- университетте бакалаврларды, магистрлерди жана дипломдуу адистерди даярдоо жүргүзүлүп жаткан багыттар жана адистиктер боюнча **жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарттары;**
- бардык багыттар жана адистиктер боюнча **БОЛЖОЛДУУ, БАЗАЛЫК** жана **ЖУМУШЧУ окуу пландары;**
- окуу дисциплиналары жана практикалар боюнча тиешелүү мамлекеттик стандарттардын негизинде, жумуш берүүчүлөрдүн сунуштамаларын эсепке алуу менен иштелип чыккан **жумушчу программалар**;
- окуу дисциплиналарынын **силлабустары**;
- студенттердин жекече семестрдик окуу пландары;

Студенттер жана алардын академиялык жетишүүсү тууралуу негизги маалыматтар төмөндөгүлөрдө катталат:

- Каттоо офисинде (деканатта) толтурулуучу студенттин окуу карточкасында жана жетишүү журналында;
- зачеттук жана сынак ведомостторунда, зачеттук-сынактык баракчаларда;
- студенттердин зачеттук китепчесинде жана/же транскрипттерде;
- катышуу журналдарында.

## Негизги билим берүү программасы (НББП) жана окуу пландары

Ар бир багыт (адистик) боюнча НББПсы окуу планын жана ушул окуу планына киргизилген окуу дисциплиналары жана практикалар боюнча жумушчу программалардын жана силлабустардын жыйындысын камтыйт.

Университете ECTSкредит системасын ишке ашыруу үчүн окуу планынын үч формасы пайдаланылат:

**Базалык окуу планы.** Даярдоо багыты же адистик боюнчабазалык окуу планы студенттердин окуу иштеринин бүтүндөй окутуу мезгили ичиндеги эмгек көлөмүн аныктоо үчүн кызмат кылат.

**Жумушчу окуу планы.** Жумушчу окуу планы конкреттүү окуу жылы ичинде окуу процессин (анын ичинде окутуучулардын окуу иштеринин эмгек көлөмүн эсептөөнү) уюштуруу үчүн кызмат кылат.

Студенттин **жекече окуу планы.** Студенттин жекече окуу планы анын семестр үчүн же окуу жылы үчүн билим алуу программасын аныктайт.

Окуу планындагы окуу иштеринин бардык түрлөрүнүн эмгек көлөмү ECTS кредиттер менен аныкталат. **1 кредит ECTS 30 академиялык саатка** барабар деп кабыл алынат. Академиялык сааттын узактыгы- **50 мүнөт** деп аныкталат. Билим берүү программаларынын эмгек көлөмү: **бакалаврларды** даярдоо үчүн **- 240** ECTS кредитти, **магистрлерди** даярдоо үчүн **-60-120** ECTS кредитти, **адистерди** даярдоо үчүн **- 300** ECTS кредитти түзөт. **60 кредит** студенттин **бир окуу жылы** ичиндеги толук жүктөмүнө төп келет.

Окуу жылы күзгү жана жазгы семестрлерден жана каникулдан турат. Окуу сабактарынын, сынак сессияларынын жана каникулдардын узактыгы жумалар менен аныкталат. Арадагы аттестациялоо

мезгили 1 жумадан кем эмес убакытка созулат. Каникулдар ар бир семестрден кийин берилет, мында каникул мезгилинин узактыгы окуу жылы ичинде 7 жумадан кем эмес, анын ичинде күзгү семестрден кийин 2 жумадан кем эмес болот.

**Кесиптик практика** НББПнын милдеттүү түрдөгү компоненти болуп эсептелет. Ал окуу-таанышуу практикасы, өндүрүштүк практика (педагогикалык практика) жана квалификация ыйгаруу алдындагы (диплом алдындагы) практика болуп бөлүнөт.

Кошумча окутууга болгон муктаждыктарды канааттандыруу үчүн узактыгы 6 жумага чейин созулган **жайкы семестрди** (бүтүрүүчү окуу жылынан сырткары) киийрүүгө жол берилет.

**Окуу дисциплиналары боюнча жумушчу программалар жана силлабустар**

Ар бир окуу дисциплинасы (окуу дисциплинасынын модулу) боюнча камсыздоочу кафедра (окутуучу) **силлабус** иштеп чыгуусу керек, силлабус семестрдеги дисциплина боюнча темалардын аудиториялык сабактар саатына бөлүнүшүн, ошондой эле пландаштырылуучу үй тапшырмасын, текшерүү иштерин, курстук иштерди (долбоорлорду) жана учурдагы, арадагы жана жыйынтыктоочу текшерүүнүн түрлөрүн аныктайт, мында буларды өткөрүүнүн (тапшыруунун) мөөнөтүн, алардын дисциплина (дисциплинанын модулу) боюнча жыйынтыктоочу баалоодогу салмагын көрсөтүү керек.

Окуу дисциплинасы (окуу дисциплинасынын модулу) боюнча сабакты камсыздоочу кафедра (окутуучу) жумушчу программанын жана силлабустун бекитилгенден кийинки бирден нускасын (ушул дисциплина боюнча сабактар башталганга чейин 2 жумадан кеч эмес мөөнөттө) Каттоо офисине, ошондой эле студенттер агымынын старостасына берүүгө милдеттүү.

**Студенттердин жекече окуу планы**

Кредит технологиясында жана модулдук-рейтингдик баалоону пайдалануу менен НББП боюнча окуп жаткан ар бир студент өзүнүн жекече окуу планын түзөт. Студенттин жекече окуу планы Академиялык кеңешчи (куратор) менен биргеликте ар бир семестр үчүн берилген формада түзүлөт. Студенттердин жекече окуу планы окутуунун биринчи семестрине - семестрдин биринчи жумасы ичинде (сабак башталгандан кийин), андан кийинки ар бир семестр үчүн - Академиялык календарга ылайык учурдагы семестрдин бүтөөрүнө 45 календардык күн калганда түзүлөт. Студенттин жекече окуу планындагы ченемдик окуу жүктөмү 60 кредит деп аныкталат. Семестрдик жүктөм 28-32 кредиттин чегинде болот деп кабыл алынат. Студенттин бир семестр ичиндеги мүмкүн болгон эң төмөнкү (минималдуу) окуу жүктөмү 22 кредитти түзөт. Жайкы семестр үчүн мүмкүн болгон эң жогорку (максималдуу) окуу жүктөмү 15 кредитти түзөт.

***Студенттерди каттоо төмөндөгү этаптарды камтыйт:***

- Академиялык кеңешчи менен жолугушуп, тандоо дисциплиналарын талкуулоо;
- Тандалган окуу дисциплинасынан баш тартуу шарттары менен таанышуу; зарыл болгон учурда программанын жетекчисинин башчылыгы менен окутуучулар тарабынан өткөрүлүп жаткан окуу дисциплиналарынын презентациясына катышуу;
- Катталуу формасын (муну Каттоо офисинен алууга болот) милдеттүү түрдөгү, тандоо жана альтернативалык (эгерде тандаган дисциплиналарына катталуу мүмкүнчүлүгү болбой калса) дисциплиналарды көрсөтүү менен толтуруу;
- Дисциплинага катталууга болгон макулдугун тастыктоо;
- Окутуу акысын төлөө (контракттык формада окуган студенттер үчүн).

Жайкы семестр мезгилиндеги окутуунун бардык түрлөрүнө (бюлжет, контракт) карабастан ***акы төлөө*** менен жүргүзүлөт.

**Студенттердин билимин баалоо системасы**

Ош МУ тамга белгилерин колдонуп, көп упайлуу баалоо системасын колдонот, бул окутуучуга студенттердин билим деңгээлин аныктоодо ийкемдүү болууга мүмкүндүк берет.

Ар бир окуу семестрдин аягында, студенттердин окуу жылына карата GPA менен алардын рейтинги аныкталат.

Академиялык жетишүүнү баалоо шкаласы:

| **Рейтинг (баллдар)** | **Тамга системасы боюнча баа** | **Баанын цифралык эквиваленти** | **Салттуу система боюнча баа** |
|---|---|---|---|
| 87 - 100 | A | 4,0 | Эң жакшы |
| 80 - 86 | B | 3,33 | Жашы |
| 74 - 79 | C | 3,0 | |
| 68- 73 | D | 2,33 | Канааттандырарлык |
| 61 - 67 | E | 2,0 | |
| 31- 60 | FX | 0 | Канааттандырарлык эмес |
| 0 - 30 | F | 0 | |

I - бул эгерде студент кандайдыр бир жүйөөлүү себептер менен (катуу ооруп калуу (документ менен тастыкталган), университет алкагында сапарга баруу же иш-чараларга катышуу, үй-бүлөдөгү чукул абал) жетишпей калган учурда коюлуучу баа, жогорудагыдай себептер тууралуу студент окутуучуга же Каттоо офисине кабарлоосу керек. I деген баа окутуучу тарабынан коюлат. Эгерде студент I баасын кийинки семестр башталгандан бир айдын ичинде оңдобосо (жайкы семестрди кошпогондо), ага автоматтык түрдө Fбаасы коюлат (GPAны эсептеп чыгарууда пайдаланылбайт).

P – бул студентке кредиттерди алууга гана мүмкүндүк берүүчү баа. P баасы тандоо курстары боюнча дисциплиналардан гана коюлат (GPAны эсептеп чыгарууда пайдаланылбайт).

FX – булл бааны алган студент жайкы семестрде оңдой алат.

F – бул бааны алган студент, эгерде бул милдеттүү окулуучу дисциплинадан болсо, ошол эле окуу дисциплинасын кайрадан кайталап окуусу керек. Эгерде студент бул билим берүү программасынын милдеттүү түрдөгү дисциплинасынан экинчи жолу да F деген баа алса, анда ал бул программа боюнча окууну уланта албайт.

W – бул студенттин дисциплинаны окуп-үйрөнүүнү улантуудан баш тартуусун тастыктоочу баа. W деген бааны окутуучу Академиялык календарда аныкталган мөөнөттөрдө гана коё алат. Студент Каттоо Офиси тарабынан анныкталган формага кол коёт да, эгерде бул милдеттүү түрдөгү дисциплина болсо, аны кайталап окуп-үйрөнүүгө милдеттүү болот (GPAны эсептеп чыгарууда пайдаланылбайт).

X – студент дисциплинаданокутуучутарабынанчеттетилгендигин көрсөтөт. Аныкталга нформагаокутуучумененпрограмманынжетекчиси кол коюшат. Эгерде бул милдеттүү түрдөгү курс болсо, студентаныкайталапокуугамилдеттүү. Эгерде студент экинчижолу да X дегенбаaалса, анда ага автоматтыктүрдө F деген баакоюлат. X баасын коюунуншарттарыдисциплинанынсиллабусундакөрсөтүлөт (GPAны эсептеп чыгарууда пайдаланылбайт).

Жетишүүнүн жыйынтыгы боюнча GPA орточо баллы эсептеп чыгарылат, анын максималдуу туюндурулушу 4,0 баллды түзөт. GPA (Grade Point Average) - студенттин окуудагы жетишүү

деңгээлинин орточо салмак баасы. Студенттин орточо баллы окутуунун жыйынтыгы боюнча ар бир семестрде жана окутуунун аягында төмөндөгү формула менен эсептелет:

$$GPA = \frac{\sum_{1}^{n} кредит \times балл}{\sum_{1}^{n} кредитов}$$

мында, n- семестрдеги дисциплиналар саны (окутуунун мурдакы мезгили үчүн).

Студенттин жетишүүсүнүн жыйынтыгы ведомостко түшүрүлөт, ведомостко текшерүү түйүндөрү боюнча тапшыруунун жыйынтыктарын эсепке алуу менен учурдагы текшерүү жана семестрдик текшерүүнүн баллдары коюлат.

### Студенттердин билимин текшерүүнүн жыйынтыктарын эсепке алуу

Студенттердин билимин баалоо модулдук-рейтинг системасы боюнча жүргүзүлөт. Ар бир окуу дисциплинасы эки модулдан турат жана ар бир модул учурдагы текшерүү  жана аралык текшерүүдөн турат. Учурдагы текшерүү бир нече текшерүү бөлүктөрүнөн турат (тапшырмалар, лабораториялык иштер, текшерүү иштери ж. б.).

Текшерүү бөлүктөрүн аткаруу мөөнөтү жана түрлөрү, алардын салмагы балл менен силлабустарда көрсөтүлөт. Дисциплина боюнча текшерүүнүн бардык суммасы 100 (жүз) түзөт. Ар бир семестрдин бардык окуу дисциплиналарынын силлабустары студенттерге кийинки семестрге акыркы каттоого чейин берилиши керек.

Офис катчы силлабуска ылайык, ар бир топ үчүн экзамендик баракчаны түзөт, анын ичинде учурдагы жана аралык текшерүүнүн бардык түрлөрү, алардын салмагы жана убактысы көрсөтүлөт. окутуучу бекитилген графиктен кечиктирилбестен ар бир текшерүү үчүн баа (балл) коёт.

Жыйынтык текшерүү, адатта, ар кандай типтеги тапшырмаларды камтыган форматта жүргүзүлөт (бланка жана компьютердик тесттер боюнча көп тандалма тесттер, теориялык суроолор, практикалык тапшырмалар ж. б.). Мындай тапшырмалар теория жөнүндөгү билимди гана чагылдырбастан, аны теориялык ачык тапшырманы ишке ашыруу үчүн колдонууну да камтышы керек.

Ар бир окуу дисциплинасы боюнча билимдин жыйынтыктоочу баасы модулдар боюнча учурдагы жана аралык текшерүүнүн баалоолорунан турат жана күндүн бекитилген графигинен кечиктирилбестен толтурулуп, жыйынтыктоочу сынак баракчасынын бекем версиясы түрүндө түзүлөт.

Жыйынтыктоочу экзамен баракчасына окутуучу, Офис Катчы жана декан кол коюшат.

Ар бир окуу дисциплинасы боюнча аралык текшерүүнүн (жыйынтык) жыйынтыктары окутуучу тарабынан жыйынтык сынак баракчасына ылайык студенттин зачеттук китепчелерине коюлат. Студенттин альтерна-тивдүү зачеттук китепчеси катары  учурдагы окуу жылы үчүн же семестр үчүн жыйынтык ведомость эсептелинет (Транскрипт).

Экзамендик сессияда FX (канаааттандыраарлык эмес) же I (жүйөлүү себеп ме-нен экзаменге катышпай калган)  баасын алган студент кийинки семестрдин (же жайкы семестрдин) башынан тартып бир айдын ичинде аларды оңдой алат. Ба-аларды бир айдын ичинде оңдоо үчүн төмөнкүдөй тартип белгиленген.

Экзамендик сессия аяктагандан кийин окутуучу студенттин рейтингин беш жумушчу күндөн кечиктирбестен электрондук ведомостко коет. AVN MCге экзамендик баракча тамга системасында

киргизилет. (Кредиттик билим берүүнүн технологиясына негизделген окуу процессин уюштуруу жөнүндө жо-бо (ECTS)). Рейтингдин жыйынтыктары студенттерге өз убагында жеткирилиши керек.

Аралык аттестациянын жыйынтыгы боюнча FX же I баа алган студенттерге кийинки академиялык семестр башталган күндөн тартып бир айдын ичинде бааны оңдоого мүмкүнчүлүк берилет..

Офис-катчы тиешелүү билим берүү бөлүмдөрү (кафедралар, борборлор ж.б.) менен бирге кайра тапшыруунун (отработка), консультациялардын жана модулдарды кабыл алуунун графигин түзүп, маалымат стенддерине жайгаштырат, студенттерге кабарланат жана AVN MCге кийинки академиялык семестр башталганга чейин кошумча балл боюнча экзамен баракчаларын түзөт.

Эгерде студент көрсөтүлгөн мөөнөттө FX же I баасын оңдобосо, ага автоматтык түрдө F баа берилет, б.а. студент жайкы семестрде милдеттүү дисциплинаны кайталап окушу керек же башка кийинки семестрде (акы төлөнүүчү негизде) катталууга тийиш.

| **I Модуль (I Чектердеги текшерүү – ЧТ I (РК I)** | | |
|---|---|---|
| Студенттин аудиториялык иши | а) Теориялык материалды окуп-үйрөнүү | **5** |
| | б) Маселелерди чыгаруу, лабораториялык иштерди аткаруу же семинардык сабактарда жооп берүү | **5** |
| **САИ боюнча жыйынтык** | | **10** |
| Студенттин аудиториядан тышкаркы иши | а) СӨИ (студенттин өз алдынча иши) | **5** |
| | б) ОСӨИ (окутуучунун кийилигишүүсү менен аткарылган студенттин өз алдынча иши) | **5** |
| **СӨИ боюнча жыйынтык** | | **10** |
| 8-жумадагы чектердеги текшерүү | Студенттин аудиториядагы жана аудиториядан тышкаркы иштери боюнча жалпы жетишүүсү | **10** |
| **ЧТ I(РК I)боюнча жыйынтык** | | **10** |
| **К I (1-модуль) боюнча бардыгы** | | **30** |

**Экзаменди ийгиликтүү тапшыруу үчүн төмөндөгүдөй формула менен К=К1+К2+И=30+30+40=100 балл алуу керек.**

## *Катардагы өтүлүүчү сессиядагы кредиттен кутулуу*

Кредиттик окутуу технологиясы–негизинен “күзгү” жана “жазгы”семестрде жүргүзүлөт. Үчүнчү “жайкы” семестр кошумча түрдө керектүү учурда уюштурулат.

Студент кредиттик тапшырмаларды аткаруу менен семестрдеги “жыйынтык” баасын автоматтык түрдө ала алат.

## Студенттин өз алдынча иши

**Студенттин өз алдынча иши** (СӨАИ)– Окутуучу тарабынан сунушталган окуу–методикалык адабияттар, методикалык иштелмелер жана программалар менен туура келген аныкталган темалардын тизмеси боюнча тапшырмаларды аткарып өз алдынча иштөө.

Студенттердин өз алдынча иштөөсү жалпы расписаниеге коюлбайт, ал окутуучу тарабынан берилген жеке тапшырмасынын негизинде жүргүзүлөт. Окуу сабактары боюнча СӨАИнин мазмуну силлабуста берилет. СӨАИге кеткен убакыт жумушчу окуу планы менен тартипке келтирилет. Ар бир сабак боюнча өз алдынча иштөөнүн көлөмү жалпы көлөмдүн 50%ынан ашпоосу керек.

**Сыноо мөөнөтү, окуудан чыгаруу жана тикелөө.**

Эгерде студенттин кумулятивдүү GPA 2.0ден төмөн болсо, ал университеттен чыгарылышы мүмкүн.

Академиялык жетишпегендиги (карызы) үчүн студентти окуудан чыгаруу сынак сессиясы аяктагандан кийин бир ай ичинде ишке ашырылышы керек

Андан сырткары студенттер ЖОЖдон:

- өз каалоосу боюнча, окуусун улантууну каалабаган учурда, бирок гранттык негизде окуган студенттер университетте өткөн окуу мезгилине мамлекеттик гранттын акысын кайтарып берүүгө милдеттүү
- медициналык көрсөтмө боюнча
- ЖОЖдун Уставын бузган учурда
- ЖОЖдун ички тартибин бузган учурда
- келишимдин шарттарын аткарбаган учурда четтетилиши мүмкүн.

Студентти тикелөө анын Билим берүү программасынын жетекчиси (кафедра башчысы) менен макулдашылган өз арызынын жана расмий транскрипттин (академиялык маалыматтын) негизинде учурдагы семестрдин экинчи жумасынан кечиктирилбей ишке ашырылат.

## Академиялык карыздагы кредиттен кутулуу

Бакалавриат адистиктери үчүн академиялык карызы бар студенттерге жеке жүгүртмө баракча берилбейт. Академиялык карыз болгон предметти студент жайкы семестрде кайрадан окуп, сынак тапшыруу менен карыздан кутулат.

Жайкы семестр, студенттердин демилгеси менен ОшМУнун факультеттеринин (институттарынын, колледждеринин) жетекчилиги тарабынан уюштурулат:

- Кредиттик системада окутуунун регламентине ылайык аптасына бир же эки дисциплинаны жүктөө жана экзамен тапшыруу ыкмасын колдонуу менен интенсивдүү кайра окутуу аркылуу академиялык карыздарды жоюу үчүн 2-4 жума узактыгы менен;
- академиялык семестр учурунда академиялык айырмачылык-ты/академиялык карызды жоюу үчүн ушул багыттагы төмөнкү курстардын студенттери менен сабактарды тийиштүү курс боюнча окуусун үзгүлтүккө учу-ратпай окуу.

Академиялык карыз дисциплинанын жана курстук иштер-дин/долбоордун “канааттандырарлык эмес” жыйынтыктоочу баасы болуп са-налат жана сессиянын аягында экзамен баракчасындагы “келген жок” же “кир-гизилген жок” деген баа. Окуу дисциплинасындагы академиялык карызды жоюу үчүн студент жайкы семестрде бул дисциплинанын жумушчу программа-сында каралган сабактардын бардык түрлөрүнө, анын ичинде курстук ишти/долбоорду аткарууга (эгер окуу планында бар болсо) кайра катышууга, уруксат алуу жана экзамен тапшырууга тийиш.

Студент, анын ичинде гранттык негизде студент, 55 же андан көп кредит чогулткан, бирок 60 кредиттен аз алса, кийинки курска которулат, ал тургай, ал кийинки мезгилде жоюлууга милдеттүү болгон дисциплиналар бою-нча академиялык карызы бар болсо дагы акы төлөнүүчү негизде, бул

сабак-тарды төмөнкү курстун студенттери менен сабактарга милдеттүү түрдө каты-шуу менен учурдагы жана жыйынтык текшерүүнү (экзаменден) кайра окуп тапшырат. Гранттык негизде окуган студент бул учурда мамлекеттик билим берүү грантынан/буйрутмасынан ажырабайт.

Студенттерди курстан курска которуу чечими жайкы экзамен сесси-ясынан кийин жана жайкы семестрдин аягында кабыл алынат. Студенттин кур-стан курска которулушу топтолгон кредиттерди эске алуу менен ишке ашыры-лат (кеминде 55 кредит).

15 кредитке чейинки экзамендик сессиялардын жыйынтыгы боюнча академиялык карызы бар студенттер жеке арызына ылайык, жайкы семестрге катышууга укуктуу.

Дисциплиналарды кайталап окуу үчүн жайкы семестрге каттоо окуу жылынын жазгы семестринин аягында экзамендик сессия аяктагандан кийин 1 жуманын ичинде жүргүзүлөт.

Жайкы семестрди уюштуруу төмөндөгүдөй тартипте ишке ашырылат:

- студенттер жайкы экзамендик сессия башталганга чейин жайкы семестрге катышууну каалагандыгы тууралуу арызды деканатка тапшырышат;
- студенттер жайкы семестрде болуучу окууга бир кредиттин наркы боюнча акы төлөмүн төлөшөт;
- деканаттардын белгилүү мөөнөттө берген билдирүүлөрүнүн негизинде жайкы семестрдин расписаниеси түзүлөт;

Жайкы семестрге катышпоо үчүн силер жыйынтыктар боюнча академиялык карыздардын болушуна жол бербешиңер зарыл.

### *Кандай учурда академиялык өргүү алууга болот?*

Студент академиялык өргүүнү, б.а. убактылуу өзүнүн окуусун токтотуп коюусун ден соолугуна, төрөп калгандыгына жана аскерге чакырылгандыгына  байланыштуу ала алат.

Академиялык өргүү шаардык студенттик поликлиниканын  ВККнын (врачтык консультациялык комиссиясынын) корутундусунун негизинде берилет.

Экзамендик сессиянын башталышына чейин студент академиялык өргүүнү алуу боюнча арыз берет. Академиялык өргүүдөн кайтып келген студент ВКК тарабынан окууга келүүгө мүмкүнчүлүгү бар деген корутунду алып келиши керек. Академиялык өргүүдөн келгенден кийин белгилүү мөөнөттө жумушчу окуу планындагы айырмачылыктарды тапшыруусу зарыл.

## Мамлекеттик экзамен жөнүндө

Жыйынтыктоочу аттестация адистиктин окуу планында көрсөтүлгөн мөөнөттө жүргүзүлөт.

2-курсту аяктагандан кийин комплекстүү "Кыргызстан тарыхы, Кыргызстан географиясы, Кыргыз тили жана адабияты" сабактары боюнча мамлекеттик экзамен жүргүзүлөт. "Кыргызстандын тарыхы, Кыргызстан географиясы жана кыргыз тили жана адабияты" мамлекеттик экзамениненакадемиялык карызы бар студенттер бул дисциплинаны жайкы кошумча (жайкы) семестрде (4 жума) кайра окушат, бирок экзамен Мамлекеттик экзамен комиссиясынын ишинин учурунда тапшырылат.

Калган мамлекеттик экзамендер бүтүрүүчү курста гана тапшырылат. Силердин бүтүрүүчү ишти жазуунун эрежелери менен таанышууга  жана изилдөөнүн тандалган багыты боюнча кафедра башчысынан зарыл консультацияларды алууга укугуңар бар.

**Билим алуудагы "адам факторун" четке кагуу максаты менен университетибизде  10 көз карандысыз тестирлөө борборлору иштейт**





## ОшМУнун студенттери үчүн кандай стипендияларды алуу мүмкүнчүлүгү бар:

1. Ар жыл сайын “Эң мыкты” 5 студент 1200 АКШ $ өлчөмүндө атуулдук стипендия;
2. ОшМУнун Окумуштуулар Кеңешинин стипендиясы;
3. КР Президентинин стипендиясын алууга.

# МОБИЛДҮҮ БАЙЛАНЫШ

### Ички жана тышкы мобилдүүлүк деген эмне?

**Академиялык мобилдүүлүк** –бул студенттердин, ординаторлордун, магистранттардын, окутуучулардын жана изилдөөчүлөрдүн бир семестрде же окуу жылында башка окуу жайга (өлкөнүн ичинде же чет өлкөдө) окуу, практикадан өтүү, тажрыйба топтоо жана изилдөө жүргүзүү үчүн орун которуусу. Академиялык мобилдүүлүк сырткы (эл аралык) жана ички (улуттук) болуп бөлүнөт.

Азыркы учурда ОшМУ дүйнөнүн 31 мамлекетинин 172 университети менен келишим түзүүгө жетишип, 50дөн ашуун эл аралык уюмдар, банктар, компаниялар жана интеграциялык бирикмелер менен активдүү өнөктөш катары иш алып барууда. ОшМУда 3514 чет элдик студент билим алууда.

Кыргыз Республикасынын университеттеринин ортосундагы ички академиялык мобилдүүлүктү камсыз кылуу үчүн ОшМУнун демилгеси менен “Ош Декларациясы” кабыл алынып, борбордогу жана аймактык университеттердин ортосундагы байланыш чыңдалууда.

Жылына 300дөн ашуун окутуучу жана 500дөн ашуун студенттер, ординаторлор жана магистранттар академиялык мобилдүүлүк программаларынын алкагында башка мамлекеттердин жогорку жана орто окуу жайларында бир семестрден бир жылга чейин билим алып келишет.

ОшМУнун эл аралык байланыштар бөлүмү.
Дареги: Ленин көчөсү 331, Башкы корпус, 130-кабинет,
Тел.: +996 3222 20487. Факс: +996 3222 20997.
Башчысы: Амиралиев Семетей Манасович (0772457119).

***Электрондук дарек:* oshsu.oms@gmail.com**
ОшМУнун сайтындагы баракча: http://www.oshsu.kg/ / Международные связи

Facebook социалдык тармагындагы баракча:

International Relations Office of Osh SU / Отдел Международных Связей ОшГУ

**ОшМУнун профсоюз комитети** – бул эмгек жамаатынын, доктарanттардын, аспиранттардын, магистранттардын жана студенттердин укуктук жана социалдык кызыкчылыктарын коргоочу уюм. Студенттик Акыйкатчы аппаратынын ишин координациялоо аркылуу университетке окууга өткөн студенттерди укуктук жана социалдык жактан колдоого алат, тактап айтканда, алардын:

- билим алуусу жана толук кандуу адис болуп чыгышы үчүн талап кылынган баардык шарттардын түзүлүшүн көзөмөлдөйт;
- жатаканада жашоо мүмкүнчүлүгүнө көмөк көрсөтөт;
- окуу учурунда коррупциялык жагымсыз көрүнүштөргө бөгөт коет;
- көп балалуу, алыскы аймактардан келген, ата-энесиз, майып, жалпы эле социалдык абалы оор студенттерге материалдык (акчалай) жардамдарды көрсөтөт жана мындай категориядагы студенттерге контракттык төлөмдөрдөн жеңилдиктерди алууга ректоратка өтүнүчтөрдү келтирет;
- окуунун алдыңкыларына, маданий-массалык жана спорттук иш-чаралардын активдүү катышуучуларына жана жеңүүчүлөрүнө акчалай сыйлыктарды, эс алуу жайларына путевкаларды берет;
- жыл сайын университеттин алдындагы студенттик профилакторийде саламаттыгын чыңдоо үчүн 400-450 студентти бекер путевкалар менен камсыз кылат;
- Оштогу “Ак-Буура” жана Ысык-Көлдөгү “Үмүт” пансионатына массалык эс алууларды жеңилдетилген шарттарда уюштурат;
- студенттер арасында (факультеттерде, жатаканаларда) социалдык укуктардын сакталышы жана пайдаланышы боюнча жолугушууларды, семинар-тренингдерди жана окууларды өткөрөт.

*ЭСКЕРТМЕ*

**Студенттик же зачеттук китепчени жоготуп алсаңыз, анда**
Факультетиңиздин деканатындагы методист (офис-регистраторго) кайрылыңыз. Дубликат жасоо үчүн 2 (3х4)фотосүрөт керек болот

**Эгерде библиотекадан алган китепти жоготуп алган болсоңуз…**
Китепканачыга кайрылып кантип жоготуунун ордун толуктаса болоорун же билип алганыңыз оң (библиотека деген бөлүмдү караңыз).

**Эгерде медициналык жардам керек болсо?**
Муктаждыкка жараша университеттин медпунктуна же медициналык клиникасына кайрылса болот.
Медпункттун дареги:Курманжан - Датка көчөсү,  285
тел: 2-00-46, 0772 91-96-64
дарыгер –Конобаев Немат
*Медпунктта тейлөө акысыз.*

**ОшМУнун медициналык клиникасы**терапевт, невролог, гематолог, лор, пульмонолог, эндокринолог, кардиолог, окулист, уролог,ревматолог, гинеколог врачтардын кызматын сунуш кылат.
Медициналык клиниканын тейлөөсү үчүн акы алынат (студенттер жана кызматкерлер үчүн жеңилдиктер каралган)
Клиниканын директору – Иметова Жазгүл
Дареги: Водозаборная көчөсү 215
Телефону - 4-66-20

**Кандай учурда академиялык өргүү алууга болот?**
Студент академиялык өргүүнү, б.а. убактылуу өзүнүн окуусун токтотуп коюусун ден соолугуна, төрөп калгандыгына жана аскерге чакырылгандыгына  байланыштуу ала алат. Академиялык өргүү шаардык студенттик поликлиниканын  ВККнын (врачтык консультациялык комиссиясынын) корутундусунун негизинде берилет.
Экзамендик сессиянын башталышына чейин студент академиялык өргүүнү алуу боюнча арыз берет. Академиялык өргүүдөн кайтып келген студент ВКК тарабынан окууга келүүгө мүмкүнчүлүгү бар деген корутунду алып келиши керек. Академиялык өргүүдөн келгенден

кийин белгилүү мөөнөттө жумушчу окуу планындагы айырмачылыктарды тапшыруусу зарыл.

**Башка түшүнбөгөн суроолор же укугуңуз бузулган болсо,**
ар дайым төмөндөгү телефондор аркылуу маалымат алууга болот:

**Социалдык жана тарбия иштери:**

- ОшМУнун студенттик коомчулук менен иштөө боюнча проректору Артыкова Жылдыз Абдисаламовна  башкы корпус 121- кабинет, тел. 3222 70928
- Коррупцияга каршы күрөшүү комиссиясы:

төрагасы – Саттаров Абсамат Эрмаматович, 133-кабинет, тел: 03222 72156
Студенттик акыйкатчы (омбудсмен) **–Жумабаев Бекжан**
башкы корпус кабинет 219б,  тел: 0777727403

## ИШЕНИМ КУТУЧА

Сиздердин ой-сунуш, пикир, даттанууңуздардын жана кайрылууңуздардын кепилдигин жакшыртуу максатында окуу жайыбыздын сайтынын башкы бетинде электрондук ишеним кутучасы орнотулган. Сиздердин келген каттарды ОшМУнун ректору, коррупцияны алдын алуу боюнча төрагасы жана студенттик акыйкатчы аппаратынын жетекчиси окуп, кайрылууңуздун негизинде тиешелүү чаралар көрүнөт. Электрондук ишеним кутучага кат калтыруу үчүн “AVN” маалыматтык системасындагы логин, паролуңузду пайдаланасыздар.

## СТУДЕНТТЕР ҮЧҮН АТАЙЫН СТИПЕНДИЯЛАР

**ОшМУнун окумуштуулар кеңешинин стипендиясы**. Бул стипендия ар бир окуу жылынын жыйынтыгы менен бир жолу берилет. Окумуштуулар кеңешинин стипендиясын алуу үчүн конкурска университеттин факультеттеринде, колледждеринде күндүзгү окуу бөлүмүндө окуган студенттер катыша алат. Стипендиянын өлчөмү университеттин көзөмөлчүлөр кеңеши тарабынан аныкталат.

**Атуулдук стипендия**. Университеттин бакалавр баскычында окуган эң мыкты студент ай сайын 100$ өлчөмүндө бир жыл бою 1200$ стипендия ала алат. Атуулдук стипендиянын ээси болуу үчүн университетте атайын иштелип чыккан жобого ылайык уюшулган конкурска катышып, университет боюнча эң мыкты 10 студенттин катарына кирүү керек.

**Президенттик “Үмүт” стипендиясы**. Шыктуу жаштарды колдоо, алардын чыгармачыл эмгектерине жана демилгелерине баа берүү максатында Кыргыз Республикасынын Президентинин “Үмүт” стипендиясы Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларындагы окутуунун  күндүзгү формасынын студенттери катыша алат.

Толугураак маалымат алуу үчүн  https://www.oshsu.kg/en/page/192 шилтемесин басыңыз.

**Универститтеттин жашоосунда жигердүү катышууну каалсаңыз…**

**ОшМУнун жаштар кеңеши**

Окууда, спортто, илимде ж.б., коптогон тармакта эн алдынкы, биринчи болом деген жаштар биз менен!

ОшМУнун ар бир студенти жаштар кеңешине ыктыярдуу түрдө мүчө боло алат. Жаштар кеңешинин активдүү мүчөлөрү өткөн окуу жылы ичинде  Окумуштуулар кеңешинин стипендиясына, ректордун грамотасына жана президенттин стипендиясына ээ боло алышты.

Ошондой эле окууда, коомдук-маданий иш-чараларда өзүнүн мыктылыгын көрсөтүп ОшМУнун алдыңкы студенттери деп аталган студенттердин мектебине ректорубуздун атынан ыраачылык баракчаларды жибердик. Жогоруда аталган стипендиялар, өзүнүн окуган мектебине, агай-эжекелерине жана ата-энесине окуган жогорку окуу жайынан мактоо баракчасын жиберүү бул -  кубанычка болой тургандыгы ар бир студентке белгилүү. Андыктан студенттик алтын күндөрүн текке кетирбей берилгендик менен окуп, чыгармачылык менен достошуп окуу жайыбыздын сыймыктуу студенти аталышынарга тилектешпиз!

Эгер сиз да студенттик күндөрдүн биринчи күнүн максаттуу баштагыңыз келсе, ОшМУнун жаштар кеңеши ар дайым демилгелүү, дилгир жаштарды өз катарына кошууга даяр.

Сиз мындан башка да түрдүү стипендиялардын, конференциялардын, конкурстардын жеңүүчү боло аласыз! Быйылкы жылы эле иштелип чыккан студенттик долбоорлор боюнча айта кетсек, мисалы, “Жаш илимпоз” сынагы. Бул сынакта студенттер илимий макала жазуусу керектелет. Эгер сиздин жыл ичинде жазган макалаңыздын сапаты жана саны боюнча ОшМУ дагы студенттердин макаласынан топтогон упайыңыз жетишээрлик жогору болсо, жылына он студентке 10,000 мин сомдон ашык акча каражатын жана ректорубуздун грамотасын багындыра аласыз!

Ушул долбоорубуз университеттин ичинде жана Ош шаардык жаштар иштери боюнча комитети менен биргеликте да ишке ашкан. Бул сынакка да Сиздин толук турдө катышууга укугуңуз бар, сыйлыктары да студенттер үчүн сонун мүмкүнчүлүктөрдү жаратат. Мында да Сиздин жазган макалаңыз сапаты жана саны жагынан жогору бааланышы керек.

Добавлено примечание ([П1]):

Жогорудагы сынактарга катышуу үчүн Сизде макала деген эмне, аны кантип жазат, кандай эрежелери бар деген суроо жаралышы мүмкүн. Сиздин бул суроонузга ОшМУнун жаштар кеңешинин илим сектору толугу менен жооп берип, Ар бир айда 2 жолу илимпоз агай-эжекелерибиз менен жолугушууларды уюштуруп бери турат.

Кийинки долбоорубуз "Ким жеңет" акыл таймашы. Бул акыл таймашка жалгыз өзүңүз катышып, алып баруучунун суроолоруна туура жооп берүү менен оюндун бүтөрү менен 5000 сом сыйлык аласыз. Бир гана Сизден суроолорго туура жооп берүү зарыл болуп эсептелет.

"Акыл капчыгы" интеллектуалдык приложениесин интернеттен телефонго кочуруп фактологиялык, кругозордук жана логикалык суроолорго жооп берип, Сиздин туура жоопторуңуз босого баллдан жогору болсо, Сиз эс алуучу жайларга жана окуу курстарына акысыз сертификат утуп алууга мүмкүнчүлүгүңүз болот.

"Эн мыкты студенттик долбоор" сынагы бул студенттер үчүн керек деп эсептелген студенттер тарабынан сунушталган долбоорлорду ишке ашырууга багытталган проект болуп саналат. Бул сынакта Сиз өзүңүздүн долбооруңузду ишке ашыра аласыз. Сиздин сунуштаган долбооруңузду комиссия женүүчү деп тапса, долбоорду ишке ашыруу үчүн окуу жай тарабынан акча каражаты бөлүнүп берилет.

"ОшМУ студенттерге" социалдык долбоорубуз окууда жана коомдук маданий иш-чараларда активдүүлүгүн көрсөткөн студенттерибизге стимул жаратуу үчүн ОшМунун профсоюз комитети менен биргеликте ишке ашырылган проектибиз. Бул долбоордо ар бир факультеттен 2 студентти студенттик профилакторияга акысыз путевка берүү мүмкүнчүлүгүн жаратат. Профилакторияда тандалып алынган студенттер 20 күн акысыз 4 маал тамак-аш, жатакана менен камсыз болушуп, даарыгерлердин акысыз кароосунан өтө алат. Бул долбоордун катышуучусу болуу үчүн студент окуган факультетинде окуудагы топтогон упайы АВН боюнча эн жогорку көрсөткүчтө болуу керек. Же коомдук-маданий, массалык иш-чараларда, жаштар иштеринде өзүнүн мыктылыгын көрсөтө алган студенттер тандалып алынат.

Студенттердин эң сонун мүмкүнчүлүгү бул жаштар кеңеши тарабынан ишке ашырылган "ОшМУдан кат" теледолбоору. Бул долбоор окуу да, спортто, илимий чөйрөдө же кандайдыр бир көрүнүктүү ийгилик жараткан студенттерди окуу жайыбыздын студенттик "Үмүт" телестудиясында ата-энелери менен биргеликте кызыктуу эфирге чакырууну максат кылат.

https://www.youtube.com/watch?v=1MzFZFq82t4 ушул ссылкадан ийгилик жараткан студенттин ата-энеси менен эфирдеги бактылуу мүнөттөрүн көрө аласыз!

Окуу жайыбызда үзгүзтүксүз факультеттер, окуу жайлар арасында конкурс, илимий-практикалык конференциялар, акыл таймаштар, жолугушуулар, лекциялар, китеп окуу конкурстары, маданий-массалык жана спорттук иш-чаралар жаштар кеңеши тарабынан байма –бай ырааттуу түрдө уюштурулуп турат.

Достор, биз айта турган маалыматтар бул гезитке батпай турганы белгилүү. Жогорудагы кыскача берилген маалыматтар Сизде кызыгууну жаратса, төмөндөгү ссылкада жаштар кеңешинин өздүк сайты көрсөтүлгөн, бул жактан алыдагы бардык иш-чаралардан кабардар болуп турууга болот.

Долбоорлор менен жакындан таанышуу үчүн http://jk.oshsu.kg/pages/page/8867 ушул ссылканы колдонуңуз, же https://youtu.be/vLmvScTI1iw видеого көңүл буруңуз. Маданий-эстетикалык жана интеллектуалдык сынактардын жоболорун http://jk.oshsu.kg/pages/page/8866 бул ссылкадан көрө аласыздар.

ОшМУнун жаштар кеңешинин бардык иш аракеттери менен жакындан таанышып, алдыдагы иш-чаралар боюнча маалымат алууну кааласаңыз, төмөндөгү ссылканы эстеп калыңыз http://jk.oshsu.kg/. Жаштар кеңеши ар бир студентке жакындан жардам көрсөткөнгө даяр!

Университеттин Жаштар комитетинин ишине активдүү катышып жана университетти башкарууга катышыңыз. ОшМУнун Жаштар комитети жана иш-чаралар жөнүндө кеңири маалымат алуу үчүн башкы имараттын 002- кабинетине кайрылыңыз!

Жаштар кеңешинин төрагасы –Орозали уулу Бектурсун.
Тел: 0501 210087

Сабактан сырткаркы убакытта өзүн өзү өнүктүрүүнү каалагандар жана таланттуу студенттер үчүн Р.Абдыкадыров атындагы Таланттар академиясы иш алып барат.

| № | Аталышы | жетекчиси | Дареги, телефону |
|---|---|---|---|
| 1. | Студенттик “Нур” газетасы | **Бектемир уулу Дүйшөн** | Башкы корпус-219<br>Тел: 0772 12 78 12 |
| 2. | “Үмүт” телестудиясы | **Керезбек кызы Айпери** | Башкы корпус – 219<br>Тел:0778853623 |
| 3. | Р.Абдыкадыров атындагы Таланттар академиясы | **Кубатбек уулу Догдурбек** | Башкы корпус – 219а<br>Тел: 0772290155 |
| 4. | Вокал ийрими | **Ахмедов Майрамбек** | Тел.: 0555755596 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 5. | “Жаштык” эстрадалык тобу | **Мойдунов Жеңиш** | Искусство фак.<br>Тел: 0558 40 09 28 |
| 6. | “ENACTUS”командасы | **Камалов Эрлан Токтоназарович** | Башкы корпус – 130 Телефон – (3222) 2 04 87, 0552 750705 |
| 7. | “Салтанат” фольклордук ансамбли | **Жумабаев Бакай** | Тел: 0779 363938 |
| 8. | ШТК жетекчиси | **Бостонбаев Нурлан** | Тел.: 0777184109 |
| 9. | “Аруке” бий тобу | **Осмоналиева Алтынай** | Тел.: 0559002249 |
| 10. | Санат-дастан айтуу ийрими | **Жолболду Алибаев** | Тел.: 0778241247 |
| 11. | Алып баруучулукту үйрөнүү и | **Кубатбек уулу Догдурбек** | Башкы корпус – 219а<br>Тел: 0772290155 |

# НЕГИЗГИ ТҮШҮНҮКТӨР

Негизги түшүнүктөр төмөндөгүдөй мааниде колдонулат:

**Абитуриент** – жогорку же атайын орто окуу жайына тапшырган жана орто (толук) билимге ээ болгон инсан.

**Адис** - тиешелүү адистик боюнча жогорку кесиптик билим берүүдө биринчи деңгээлдеги 5 жылдык окутууну аяктап, сынактарды ийгиликтүү тапшырып, бүтүрүү квалификациялык ишин коргогондон кийин ыйгарылуучу кесиптик квалификациялык даража.

**Академиялык даража** - жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациянын жыйынтыгы боюнча жогорку окуу жайы тарабынан ыйгарылуучу, окуп жаткандар тарабынан жогорку кесиптик билим берүүнүн тиешелүү билим берүү программаларын өздөштүрүү даражасы.

**Академиялык календарь** - окуу жылы ичинде окуу жана текшерүү иш-чараларын, кесиптик практикаларды өткөрүүнүн, эс алуу күндөрүнүн (каникулдардын жана майрамдардын) даталары көрсөтүлгөн календарь;

**Академиялык кеңешчи (куратор)** - окутуу мезгилинде академиялык насаатчынын функциясын аткарып, окутуу траекториясын тандоодо (жекече окуу планын түзүүдө) жана билим берүү программасын өздөштүрүүдө көмөк көрсөтүүчү окутуучу.

**Аудитордук окуу сабактары** – бекитилген расписание боюнча студенттердин группалары менен жана агым (поток) менен өтүлгөн сабактар: лекциялар, семинарлар, практикалык сабактар, лабораториялык иштер.

**Бакалавр** - көп баскычтуу жогорку кесиптик билим берүү системасында биринчи деңгээлдеги 4 жылдык окутууну аяктап, сынактарды ийгиликтүү тапшырып, бүтүрүү квалификациялык ишин коргогондон кийин ыйгарылуучу биринчи академиялык даража.

**Диплом** – жогорку профессионалдык билим берүүнү бүтүрүүнү тастыктоочу официалдуу документ. КРнын мыйзам чыгаруучу органдары тарабынан ар түрдүү тепкичтер үчүн дипломдун төмөндөгүдөй түрлөру белгилүү: бакалаврдын диплому, жогорку профессионалдык билим берүү менен адистиктин диплому.

**Дипломдук иш** – жогорку окуу жайынын студентинин окуунун акыркы жылынын жыйынтыктоочу аттестациясынын этаптарында аткара турган жана анын адистик боюнча өз алдынча иштөөгө даярдыгын текшерүүнүн формаларынын бири катары кызмат кылган жана ага аныкталган квалификацияны ыйгаруу жана билим берүү мекемени бүтүргөндүгү тууралуу дипломду берүү үчүн кызмат кылган өз алдынча бүтүрүүчү квалификациялык иш.

**Дистанттык окутуу же аралыктан окутуу** – окуу мекемесине келбестен, бирок окуу мекемесинин окутуучуларынын тынымсыз консультациялары менен камсыз кылуучу заманбап педагогикалык, компьютердик жана телекоммуникациялык технологиялардын, методдордун жана каражаттардын жыйындысы.

**Жетишүүнүн орточо баллы (GPA)** - окуп жаткандардын тандаган программасы боюнча каралып жаткан мезгил үчүн окуудагы ийгиликтеринин деңгээлинин орточо салмак баасы.

**Зачет** –окуу жана өндүрүштүк практикалар процессинде аткарыла турган лабораториялык, эсептик – графикалык иштерди, курстук проекттерди (иштерди), о.э. практикалык жана семинардык сабактардан алынган билимдерди, көндүмдөрдү баалоо үчүн арналган студенттердин арадагы аттестациясынын формасы. Курстук проекттерге (иштерге), өндүрүштүк практикаларга, сабактарга

дифференцирленген баалар менен коюлган зачеттор университеттин окуу – методикалык кеңешинде бекитилет.

**Каттоо Офиси (деканат)** - билим берүү программаларын жана адистерди даярдоо планын координациялоо, студенттерди каттоону уюштуруу жана өткөрүү, студенттердин жетишүүсүн эсепке алуу менен алектенет, студенттин транскриптин түзөт, окутуунун сапатын баалоону өткөрөт.

**Квалификация** – 1) билимдерди жана көндүмдөрдү колдонуунун аныкталган жөндөмдүүлүктөрү; 2) тиешелүү мамлекеттик органдар тарабынан берилген, курстун программасын ийгиликтүү өздөштүрүүнү аныктаган жогорку билим берүүдөгү илимий даража, диплом же формалдуу аттестациянын башка типтери. Ар түрдүү өлкөлөрдө жана ар түрдүү деңгээлдерде жогорку билим берүүнүн көп сандагы даражалары кездешет (мисалы, бакалавр даражасы, магистр, доктор ж.б.). Квалификация компетенттүүлүктүн деңгээлин жана аныкталган билимдерди, билгичтиктерди, көндүмдөрдү кабыл алууну билдирет; 3) билим берүүнүн эрежеси катары аныкталган бул же тигил ишмердүүлүктөрдү аткаруудагы адистин даярдыгынын сапаттык көрсөткүчү.

**Конспект** – үйрөнүлүүчү материалдардын мазмундарын кыскача жана удаалаш баяндоону өзүндө кмтыган окуу жазууларынын маанилүү бир формасы.

**Кредит (зачеттук бирдик)**– бул саат менен туюнтулган студенттердин эмгектерин өлчөөнүн бирдиги. “Кредит” термини студенттердин мобилдүүлүгүн кеңейтүү максатында окутуунун жыйынтыктарын салыштырууга мүмкүндүк берген жана салыштырмалуулукту системалуу туюнткан инструмент.

**Курстук иш** –аныкталган мөөнөттө жана аныкталган талаптар боюнча университеттин студенттери аткара турган тапшырма. Курстук иштер даярдоо багыты (адистиги) боюнча негизги деп эсептелинген предметтерден жазылат.

**Лекция**– максаты логикалык – тууралыктан турган окуу сабагынын формасы, лектордун конкреттүү сабактын теориялык суроолорун  удаалаш баяндоосу. Эреже катары лекциялык материалдар семинардык сабактарда бекемделет.

**Магистр** - көп баскычтуу жогорку кесиптик билим берүү системасында университетти аяктаган, бакалавр даражасына ээ болгон тараптарга 1-2 жылдык окутуудан кийин магистрдик диссертациясын коргогон соң ыйгарылуучу академиялык (окумуштуулук) даража.

**Модуль** – (латын сөзүнөн modulus – ченем)  курстук бирдик –билим берүүдө күтүлүүчү натыйжалардын аныкталган жыйындыларынын алкагында, компетенция терминин түшүндүргөн, зачеттук бирдиктерде өздөштүрүү кыйынчылыктарын мүнөздөөчү билим берүүнүн мазмундук жана методикалык бөлүгү.

**Постреквизиттер** - дисциплиналар тизмеги, буларды окуп-үйрөнүү үчүн белгилүү бир дисциплинаны окуп-үйрөнүүдө ээ болгон билимдер, билгичтиктер жана көндүмдөр талап кылынат.

**Практика** –окутуучунун жетекчилиги астында жана аныкталган программалар боюнча окутуу учурунда, студенттердин даярданып жаткан профессионалдык ишмердүүлүктөрүнө түздөн – түз катышууларын тастыктаган, адистиктин бирден – бир профессионалдык даярдыгын түзүп туруучу ЖОЖдогу иштердин маанилүү компоненти.

**Пререквизиттер** - окуп-үйрөнүлүп жаткан дисциплинаны өздөштүрүүдө зарыл болгон билимдерди, билгичтиктерди жана көндүмдөрдү камтыган дисциплиналар тизмеги.

**Реферат** – изилдөө маселеси боюнча бир нече булактардагы негизги мазмунду кыскача камтып турган студенттердин өз алдынча иштеринин формасы. Рефераттын эки түрү белгилүү: продуктивдик жана репродуктивдик. Репродуктивдик рефератта баштапкы тексттин мазмуну кайрадан иштелип чыгат. Продуктивдик реферат негизги булактардын чыгармачыл жана сын көз –караштагы мазмунун камтып турат.

**Семинар** – окутуучунун жетекчилиги астында окуу жана илимий изилдөөлөрдүн жыйынтыктары боюнча студенттердин аткарган докладдары, рефераттары жана билдирүүлөрдү талкуулоого арналган окуу иштеринин формасы. Окутуучу милдеттүү түрдө даярдыкты талап кылган семинардын талкууланууучу темасынын координатору болуп саналат. Семинардын темасы жана талкуулоонун негизги булактары талкуулоого чейин алдын ала берилет. Талкуулоонун максаты профессионалдык талашуу көндүмдөрдү калыптандырууга жана талкууланууучу теманы бекемдөөгө багытталган. Семинар сабактын группалык формасын камтуу менен студенттердин активдүү катышуусун божомолдойт.

**Силлабус** - ар бир дисциплина боюнча окутуунун программасы, ал өзүнө ар бир сабактын темасын жана окутуу узактыгын (курстун сүрөттөп жазылышы, окутуу программасы, практикалык (семинардык) сабактардын планы, студенттердин өз алдынча иштөөсү боюнча тапшырмалар ж.б.) камтыйт.

**Стипендия** – мамлекеттик билим берүү мекемелеринде жогорку жана профессионалдык билим берүүдө окутуунун күндүзгү формаларынын жакшы жетишкен студенттерине жана аспиранттарына, өндүрүштөн алынган окутуунун атайын курстарын ийгиликтүү өздөштүрүүчүлөргө төлөнүп берилүүчү акчалай жардам.

**Студенттерди анкетирлөө** (сурамжылоо) – окуу программаларын өзүнүн окуу ишмердүүлүгүнүн кызматтары жана ар кандай аспектилери менен студент канчалык деңгээлде канааттангандыгын аныктоо максатында суроолорду, интервьюну колдонгон баалоонун методу. Көбүнчө студенттерди ачык же жабык типтеги анкеталарды толтуруп берүүсүн же телефон боюнча суроого жооп берүүсүн суранышат. Студенттерден анкеталык сурамжылоолордун кыскача баяндалышы почта, телефон сүйлөшүүлөрдөн турат.

**Студенттердин өз алдынча иштөөсү** - эки формага бөлүнөт: бул - окутуучунун жетекчилиги астында студенттердин өз алдынча иштөөсү (СРСП) жана студенттердин аудиториядан тышкаркы өз алдынча иштөөсү (СРС).

**Транскрипт** - тиешелүү окутуу мезгилинде өтүлгөн дисциплиналардын кредиттер саны жана баасы кошо көрсөтүлгөн тизмегин камтыган аныкталган формадагы документ.

**Факультет** –аныкталган адистиктер боюнча студенттерди жана аспиранттарды даярдоону ишке ашыруучу, анда бириктирилген кафедралардагы илимий – изилдөө жана окуу – тарбиялык ишмердүүлүктөрдү жетектөөчү ЖОЖдун окуу – илимий жана административдик бөлүмү.

ОшМУнун факультеттери жана алардын даректери

| **№** | **Факультеттер** | **Дареги** | **№ корпус** |
|---|---|---|---|
| **1.** | Кыргызфилологиясыжана журналистика факультети | А. Масалиев пр. 91а | **№2** |
| **2.** | Орус филологиясы факультети | А. Масалиев пр. 91а | **№2** |
| **3.** | Дүйнөлүк тилдер жана маданият факультети | Курманжан Датка көчөсү, 250 | **№ 4** |
| **4.** | Педагогика, психология жана дене тарбия факультети | А. Масалиев проспекти, 91а | **№ 3** |
| **5.** | Искусство факультети | Монуев көчөсү 35 | **№ 7** |
| **6.** | Математика жана информациялык технологиялар факультети: | Ленин көчөсү, 331 | **№ 1** |
| **7.** | Бизнес жана менеджмент факультети | Кыргызстан көчөсү, 138 | **№ 9** |
| **8.** | Медицина факультети | Ж. Мамытов көчөсү | **№ 18 А** |
| **9.** | Дипломдон кийинки медициналык билим берүү факультети | Ж. Мамытов көчөсү | **№ 18 А** |
| **10.** | Эл аралык медицина факультети | Ж. Мамытов көчөсү | **№18 А** |
| **11.** | Чыгыш таануу жана тарых факультети | И. Раззаков көчөсү, 21 | **№ 8** |
| **12.** | Юридика факультети | И.Раззаков көчөсү, 21 | **№ 8** |
| **13.** | Физика-техника факультети | Ленин көчөсү, 333 | **№ 1 Б** |
| **14.** | Кыргыз-Европа факультети | Ленин көчөсү, 333 | **№ 1 Б** |
| **15.** | Табият таануу жана география факультети | Исанов Н. көчөсү, 77 | **№ 6** |
| **16.** | Теология факультети | Н. Исанов көчөсү,77 | **№ 6** |
| **17.** | Эл аралык мамилелер факультети | Монуев көчөсү 35 | |
| **18.** | Кыргыз-Кытай факультети | Монуев көчөсү 35 | |
| **19.** | Кыргыз-Түрк факультети | А. Масалиев пр. 91а | **№2** |
| **20.** | IT- академиясы | Ленин көчөсү, 333 | **№ 1 Б** |
| **21.** | Кино академиясы | А.Бөрүбай уулу көчөсү 4 | **№ 1 Б** |
| **22.** | Мектеп мугалимдеринин билимин өркүндөтүү институту | Монуев көчөсү 35 | **№ 1 Б** |
| **23.** | ЖОЖго даярдоо борбору | А.Бөрүбай уулу көчөсү 4 | **№ 1 Б** |
| **24.** | Арашан гуманитардык институту | Бишкек шаары | |
| **25.** | Медицина колледжи | Ош шаары, Н.Исанов көч,77 | **№ 5** |
| **26.** | Өзгөн медициналык колледжи | Өзгөн шаары, Манас көчөсү, 215 | |
| **27.** | Индустриалдык-педагогикалык колледжи | Г.Айтиев көчөсү 4 | **№ 7** |
| **28.** | Финансы-юридикалык колледж | Шакиров Көчөсү, 271а | **№12** |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | |
| **29.** | STEM Инновациялык колледж | | |
| **30.** | Эл аралык билим берүү программалары колледжи | | |

Ош мамлекеттик университетиндеги баардык актуалдуу жаңылыктардан артта калбайм десеңиз, анда www.oshsu.kg сайтына кириңиз, ал жерден толук маалыматты жана акыркы кабарларды ала аласыз.

| **КЕРЕКТҮҮ САЙТТАР** | |
|---|---|
| http://www.oshsu.kg | ОшМУнун сайтты |
| oshsu.oms@gmail.com | ОшМУнунэлектрондукпочтасы |
| http://ibooks.oshsu.kg | Электрондуккитепкана |
| http://mediacentre.oshsu.kg | Медиа борбордун сайты |
| http://avn.oshsu.kg | “AVN”маалыматсистемасы |
| http://de.oshsu.kg- | Дистанттыкбилимберүү |




1. ОшМУнун башкы имараты
 - Ректорат, -Бухгалтерия, -Кадрлар бөлүмү
 - Математика жана информациялык технологиялар факультети
2. ОшМУнун №2 окуу имараты
 - Кыргыз филологиясы жана журналистика факультети
 - Орус филологиясы факультети
 - Кыргыз-Түрк факультети
3. ОшМУнун №3 окуу имараты
 - Педагогика, психология жана дене тарбия факультети
4. ОшМУнун №4 окуу имараты
 - Дүйнөлүк тилдер жана маданият факультети
5. ОшМУнун №5 окуу имараты
 - ОшМУнун медициналык колледжи
 - "ЫЙМАН" гимназиясы
6. ОшМУнун №6 окуу имараты
 - Табият таануу жана география факультети
 - Теология факультети
7. ОшМУнун №7 окуу имараты
 - Индустриалдык-педагогикалык колледж
8. ОшМУнун №8 окуу имараты
 - Чыгыш таануу жана тарых факультети
 - Юридика факультети
9. ОшМУнун №9 окуу имараты
 - Бизнес жана менеджмент факультети
10. ОшМУнун №15 окуу имараты
 - Физика – техникалык факультети
 - Кыргыз-Европа факультети
 - IT Академия
11. ОшМУнун №17 окуу имараты
 - Финансы - юридикалык колледж
12. ОшМУнун "Ак-Буура" КАМПУСу
 - Медицина факультети
 - Эл аралык медицина факультети
 - ОшМУнун медициналык клиникасы
 - Дипломдон кийинки медициналык билим берүү
13. ОшМУнун Стоматология клиникасы
14. Искусство факультетинин окуу имараты
 - Искусство факультети
 - Эл аралык мамилелер факультети
15. Кыргыз-Кытай факультетинин окуу имараты
 - Кыргыз-Кытай факультети
 - КИНОакадемиясы
 - "АДИС" окуу борбору
16. Дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинин колледжи
17. "БИЛИМ" лицейи

Жатаканалар